**МАКУЛДАШЫЛДЫ**

**Кыргыз Республикасынын**
**Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин**
**Бишкек шаары боюнча Ленин райондук**

**ӨК бөлүмүнүн башчысы**
**полковник Н.Барыктабасов ________**
**"__18__" ___07___ 2021-жыл**

**БЕКИТЕМИН**

**Ленин районунун № 82 жалпы**
**орто билим берүү мектебинин**
**директору: Исраилова А. Н.**

**Жарандык коргонуунун башчысы**
**"__19__" ___07___ 2021-жыл**

# Ленин районунун № 82 орто мектебинин
# Жарандык коргонуу боюнча
# 2021–жылга даярдык Мерчеми

**Бишкек шаары**



Сканировано с CamScanner

## I. 2021-жылы ыкчам даярдыкты уюштуруу боюнча маселелери

**Жарандык коргонуунун (мындан ары ЖК)** башкаруу органдарынын жана күчтөрүнүн ыкчам даярдыгын 2021-окуу жылында ушул Планга, Жарандык коргонуу жаатындагы укуктук ченемдик актылардын талаптарына, жана мурдагы болуп өткөн өзгөчө кырдаалдардын болжолунун талдоосуна ылайык, уюштурулуп жүргүзүлсүн. Ыкчам даярдыктын негизги көрсөткүчү болуп, ЖК башкаруу органдарына жана күчтөрүнө жүктөлгөн милдеттерди так аткарууга даяр болуусу эсептелсин.

**ЖК башкаруу органдарын жана күчтөрүн даярдоо боюнча 2021-жылга башкы милдет болуп:**

- Жарандык коргонуу тармагындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатты иш жүзүнө ашырууга багытталган билимди, тажрыйбаны жана жөндөмдү өркүндөтүү;
- Бишкек шаарынын калкынын жана аймактарынын коопсуздугун өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда комплекстүү коргоо стратегиясын иш жүзүнө ашыруу;
- алдын алуу иштерин жүргүзүү жана Жарандык коргонуу жаатындагы финансылык, материалдык, маалымат ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жана өзгөчө кырдаалдардын (мындан ары ӨК) алдын алуу.

**Негизги күч аракеттер төмөндөгүлөргө багытталсын:**

- укуктук-ченемдик актыларды Кыргыз Республикасынын “Жарандык коргонуу жөнүндө” Мыйзамына ылайык ирээтке келтирүүгө жана аларды ишке ашырууга;
- табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдарга убагында чара көрүү үчүн Жарандык коргонуунун Мамлекеттик тутумунун (мындан ары ЖК МТ) күчтөрүн жана каражаттарын дайым даярдыкта кармоого;
- өзгөчө кырдаалдар коркунучу пайда болгондогу жана келип чыккандагы кыймыл аракеттерге баардык категориядагы кызматкерлерди окутуу сапатын жогорулатуу;
- өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана тобокелдигин азайтуу чараларын көрүүгө;
- өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу мүмкүнчүлүгүнө карата материалдык–техникалык каражаттардын көрөңгөлөрүн алдын-ала түзүүгө.

**Ыкчам даярдык боюнча негизги иш-чараларды өткөрүү тартиби:**

ЖК иш-чараларын аткаруу, табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу маселелерин кароо менен экономика объекттериндеги жана уюмдардагы командалык-штабдык (КШМ), штабдык (ШМ) жана башка Жарандык коргонуунун маселелери боюнча машыгуулар алардын жетекчилерин, администрацияларды жана адистерди, ЖК боюнча комиссияларды, ЖК кызматынын штабдарын тынчтык жана согуш мезгилинде ЖК тармагындагы жүктөлгөн милдеттерди аткарууга даярдоо боюнча жогорку жана бир кыйла натыйжалуу түрү болуп саналат.

**Машыгуулардын маңызы болуп,** анын катышуучуларынын жарандык коргонуунун пландарында каралган иш-чараларды, ошондой эле аларга жүктөлгөн иш милдеттерди, кырсык учурунда кыйратуучу факторлор объекттин ишмердүүлүгүнө жана айлана-чөйрөгө таасир этүүчү объект жайгашкан аймакта, ага жакын жерде, ошондой эле потенциалдуу-кооптуу объекттерде, ээлеген кызмат ордуна ылайык моделдешкен жагдайда өз убагында машыгуунун темасына жана маңызына ылайык аткаруу боюнча аракеттерде жатат.

Машыгууларды өткөрүүнүн негизги максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- ЖК жетекчилик жана командалык-башчылык курамынын, ар дайым иштөөчү комиссиялардын жана калкты, персоналды тынчтык жана согуш убагындагы келип чыгуучу ӨК коргоо боюнча милдеттерди чечүүчү күчтөрдүн практикалык ыкмаларын жакшыртуу;
- ЖК башкаруу органдарынын бирдиктүү иш алып барууда макулдашууга жетишүү, объекттеги ӨК алдын алуу жана кесепеттерин жоюу;



Сканировано с CamScanner

-ЖК мерчемдеринин аныктыгын текшерүү;

-объектилердин табигый жана техногендик мүнөздөгү ӨК шарттарындагы жана согуш убагындагы туруктуулугун жогорулатуу боюнча аткарылган жана аткаруу үчүн белгиленген иш-чаралардын натыйжалуулугун текшерүү;

-аймактарды жана персоналды табигый жана техногендик мүнөздөгү ӨК коргоо көйгөйүнүн ар түрдүү аспектилерин изилдөө.

ЖК командалык-штабдык, штабдык, комплекстик машыгууларынын, ошондой эле ЖК абалын комплекстүү текшерүүнүн мөөнөтүнүн узактыгын, ЖК тиешелүү башчылары машыгуунун тематикасына, коюлган максаттарга, сунушталган маселелердин санына жана практикалык тапшырмаларды аткаруунун көлөмүнө карап аныктайт, бирок ал мөөнөт **3 суткадан** ашпоосу зарыл.

**1) Жарандык коргонуунун командалык-штабдык машыгуусун** ЖК борбордук аппараттарында, шаардык жана аймактык башкаруу органдарында төмөндөгүчө өткөрүлөт:

а) баскычтардын саны боюнча – **бир даражалуу** же **көп даражалуу;**

б) өткөрүү шарты боюнча – **аймактык, тармактык, ЖК кызматтары;**

в) өткөрүү максаты боюнча – **мерчемдик, текшерүүчү, көрсөтүүчү жана изилдөөчү;**

г) өткөрүү орду боюнча – **туруктуу жайгашкан пункттарда, шаардык кошумча башкаруу пункттарында, шаардын сыртындагы кошумча пунктта, кыймылдуу башкаруу пункттарында, талаалык башкаруу пункттарында.**

Командалык-штабдык машыгууларды өткөрүү убагында, ЖК милдеттерин чечүүдө биргелешип аракеттенүү маселелерин иштеп чыгуу максатында, Бишкек шаарынын ЖК кызматтарынын ыкчам топтору, эвакуациялык органдары жана Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн аскер бөлүктөрү биргелешип аракеттенүү планына ылайык тартылат.

2) **Штабдык машыгуу** ЖК кызматтарынын жана эвакуациялык органдардын ыкчам топторун милдеттүү түрдө тартуу менен жылына **1 жолудан** кем эмес өткөрүлөт.

3) **Штабдык машыктыруулар** башкаруу органдарынын даярдыгын эске алуу менен пландалат жана жылына 2 жолудан кем эмес өткөрүлөт.

4) **ЖК абалын комплекстүү текшерүү** Кыргыз Республикасынын ӨКМдин 2013-жылдын 31-декабрындагы №1249 буйругунун негизинде бааланат жана өткөрүлөт.

5) Машыгуунун, штабдык машыктыруулардын, чогулуулардын тематикаларын ушул иш-чараны өткөрүүчү жетекчилер аныктайт.

6) Кыргыз Республикасынын ӨКМнин Бишкек шаары боюнча башкармалыгы, КР ӨКМнин Бишкек ш.б. башкармалыгынын райондук бөлүмдөрү, жер-жерлердеги өткөрүлүүчү ЖК иш-чараларына уюмдардын, аймактык башкаруу органдардын тартылышын жана ар бир объект бул иш-чарага жылына бир жолудан көп эмес тартылышы керек дегенди эске алып, катуу көзөмөлдөшсүн.

7) Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Бишкек ш.б. башкармалыгына тапшырылат:

а) Ленин районун Жарандык коргонуунун кызматтарынын, Жарандык коргонуунун башчыларынын жетекчилиги алдында өтө турган Жарандык коргонуу машыгууларынын ой-пикирлерин, мерчемдерин машыгуу башталганга чейин бир ай мурда макулдашууга;

б) Ленин райондук ЖК кызматтары, мекеме-иш каналар тарабынан өткөрүлгөн комплекстүү текшерүүлөрдүн, машыгуулардын отчёттору – алар аяктагандан кийин 15 күндөн кечиктирбей берилет;

в) Ленин районун ЖК башкаруу органдарынын ыкчам даярдыгы боюнча отчёттору - квартал сайын кийинки отчёттук кварталдын **1-күнүнө** чейин;

г) Ленин районунун ЖК кызматтарынын, мекеме-иш каналардын башчыларынын ЖК кызматтарынын абалы тууралуу баяндамалар **- 2021-жылдын 1-декабрына;**



Сканировано с CamScanner

д) жетекчилик, командалык-башчылык жана башка категориядагы окуучуларды ӨК коркунучу келип чыгышында жана чыккан учурда кыймыл аракет боюнча окутуулар боюнча отчёттук материалдарын, райондук ЖК кызматтары, мекеме-иш каналардын башчылары тарабынан ар бир айдын **3 числосуна чейин;**

е) Ленин районун ЖК кызматтарынын, райондорунун 2022-жылга карата ЖК даярдык пландары - **2021-жылдын 25-декабрына макулдашууга киргизилсин.**

Ленин районунун мекеме-ишканалардын башчылары өздөрүнүн чечими менен карамагындагы ЖК башкаруу органдарынын ыкчам даярдык боюнча отчёт берүү тартибин бекитсин.

**2021-окуу жылы январда башталсын жана 2 мезгилде жүргүзүлсүн:**

**- К мезгили – 11-январдан 28-майга чейин.**

**- Жай мезгили – 5-июлдан 30-ноябрга чейин.**

**II. 2021-жылы жетекчилик жана командалык-башчылык курамды, ЖК кошуундарын даярдоонун жана кызматкерлерди Жарандык коргонуу боюнча окутууну уюштуруу маселелери.**

**Даярдоодогу негизги багыттар болуп эсептелсин:**

- ЖК жетекчилик курамын, калкты жана аймактарды табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан коргоо боюнча иш-чараларды сапаттуу уюштурууга жана ыкчам өткөрүүгө даярдоо;
- табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдар коркунучу келип чыкканда же катталган учурда аткарылуучу иш аракеттерге уюмдардын жетекчилерин даярдоо;
- өзгөчө кырдаалдар коркунучу келип чыкканда же катталганда Жарандык коргонуу түзүмдөрүнүн даярдыгын жогорулатуу;
- кызматкерлерди жана жумушчуларды табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан коргонуу эрежелерине жана ыкмаларына үйрөтүү;

Баардык категориядагы жумушчуларды даярдыгы ушул бөлүмдүн көрсөтмөлөрүнүн тартибине, көлөмүнө жана тийиштүү программаларга ылайык жүргүзүлсүн. Иш чараларды мерчемдөөдө жана практикалык иш-жүзүнө ашырууда өндүрүштүк жана аймактык шарттардын өзгөчөлүгүн, Бишкек шаарынын аймактарындагы ӨК болуу мүмкүнчүлүгү жана алардын масштабдарын, божомолу эске алынсын.

Жетекчилик жана командалык-башчылык курамды даярдоо төмөндөгүдөй жүргүзүлөт:

- Кыргыз Республикасынын ӨКМдин алдындагы ЖК адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борборунда (мындан ары ЖКАДжКДБ);
- ЖК аймактык жана жергиликтүү башкаруу органдары;
- Даярдык окутуулар, окуу-усулдук жыйындарында, окутуулар жана машыгуулар учурунда өткөрүлөт.

**Объектиде жетекчилик курамды даярдоо 12 сааттык** көлөмдө өткөрүлсүн. Сабактарды өткөрүүнүн тартибин (топтордун курамында же болбосо өз алдынча) обьектини ЖК башчысы аныктасын. Ошондой эле окуучулардын билим жана даярдык деңгээлине, өндүрүштүн өзгөчөлүктөрүнө карап, конкреттүү темаларды жана аларды окутуу саattардын жалпы санын кыскартпай туруп, КР ӨКМнин Бишкек ш.б. башкармалыгынын Ленин райондук ӨК бөлүмү менен макулдашылган убакыт аныкталсын. Болушу мүмкүн болгон террористтик акттардагы жетекчилик курамдын жана командалык – башчылык курамдын аракети боюнча сабактар кошумча каралсын.

**Өзгөчө кырдаалдардан коргоо жаатындагы ЖК кошуундарын даярдоонун негизги түрлөрү** катары мурдагыдай эле атайын-тактикалык машыгуулар жана машыктыруулар эсептелсин. Андагы негизги күч аракет командалык-башчылык курамда өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу убагындагы күчтөрдү жана каражаттарды башкаруу ыктарын калыптандырууга топтолсун. ЖК түзүмдөрүнүн өздүк



Сканировано с CamScanner

курамында кырсыктан-куткаруу жана башка кечиктирүүгө болбой турган иштерди жүргүзүү убагындагы практикалык көндүмдөр, өзүнө жана жарадар болгондо бири – бирине жардам көрсөтүү, штаттык техниканы, куткаруу мүлкүн, шаймандарды, ошондой эле өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу убагында жеке коргонуу каражаттарын рационалдуу пайдалануу калыптандырылсын.

ЖК түзүмдөрүнүн өздүк курамын даярдоо **15 сааттык** көлөмдө өткөрүлсүн. Анын **10 сааты** – жалпы жана **5 сааты** – атайын темаларга. Окутуу атайын – тактикалык машыгууну өткөрүү менен аяктасын. Мындай окутуу атайын – тактикалык машыгуунун узактыгы **4-8 сааты** түзүшү керек. Өткөрүүнүн мезгилдүүлүгү:

жогорку даярдыктагы Жарандык коргонуунун түзүмдөрү менен – жылына бир жолу;

калгандары менен – комплекстик машыгуулардын жана обьекттик машыктыруулардын жүрүшүндө үч жылда бир жолу.

Баардык окутуу, машыгуулар практика жүзүндө ошол аймакта боло турган кырдаалга максималдуу жакын түрдө уюштурулушу керек.

**Кварталына бир жолудан кем эмес** ЖК түзүмдөрүнүн өздүк курамынын тизмеси такталсын, алардын техника жана мүлк менен жабдылышы текшерилсин, бул тууралуу даярдыкка келтирүү пландарында өзгөртүүлөр жасалсын.

ЖК ар бир аймактык түзүм менен окуу жылынын ичинде кабарландыруу жана өздүк курамды топтоо боюнча **экиден кем эмес** машыктыруулар өткөрүлсүн. ЖК түзүмдөрүн окутуунун түздөн-түз уюштуруучулары болуп бардык деңгээлдеги түзүмдөрүнө караштуу болгон жана баш ийген ЖК штаб башчылары эсептелет.

ЖК түзүмдөрүнүн даярдыгы үчүн жоопкерчиликти шаардык, райондук, муниципалдык аймактык жана уюмдардын ЖК башчылары алат.

**Жумушчуларды, кызматчыларды жана уюмдардын кызматкерлерин окутуу** жылына **15 сааттык** көлөмдө жүргүзүлсүн, ар түрдүү экстремалдуу кырдаалдардагы коопсуз жүрүм-турумдун практикалык ыктары үйрөтүлсүн. Окутуу пландаштырылган сабактарда, ошондой эле материалды өз алдынча өздөштүрүү жолу менен, практикалык сабактардын, объектилик машыгуулардын жана комплекстүү машыгуулардын жүрүшүндө алынган билимдерди андан ары бекемдөө жолу менен, өндүрүштүк ишмердүүлүктөн ажыратылбай жүргүзүлсүн.

Конкреттүү темаларды жана аларды өздөштүрүүгө бөлүнүүчү саттардын санын ЖК башчылары аныктайт. Ал эми иштебеген калк үчүн - жергиликтүү шартты, өндүрүштүн өзгөчөлүгүн жана мурда изилденген маселелерди өздөштүрүүнүн даражасын эске алуу менен шаардык, райондук, муниципалдык аймактык ЖК башчылары аныктайт.

ЖК объекттеринин штаб башчылары окуу жылы башталаардын алдында сабактардын жетекчилери менен бир күндүк чогулуу өткөрсүн жана аларга сабактарды жана окутуп машыктырууну өткөрүү усулун берсин.

Потенциалдуу–кооптуу (коркунучтуу) объекттерде иштеген жумушчуларды жана кызматчыларды жана ошол обьекттерге жакын жашаган калкты даярдоого өзгөчө көңүл бурулсун.

КР ӨКМдин Бишкек ш.б. башкармалыгынын райондук бөлүмүнүн планы боюнча алар менен ошол объекттердеги кырсык болгон убактагы аракет боюнча машыгуулар жылына эки жолу өткөрүлсүн, шашылыш эвакуациялоо, жеке коргонуу каражаттарын таркатууну уюштуруу, биринчи медициналык жардам көрсөтүү маселелери иштелип чыксын.

Иш менен камсыз болбогон калкты окутуу жылына **12 сааттык** көлөмдө, алар менен мезгил-мезгили менен аңгемелешүүлөрдү, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, видеофильмдерди көрүү жолу менен уюштурулсун, ал ишмердүүлүгү КР ӨКМдин Бишкек ш.б. башкармалыгынын бөлүмдөрү тарабынан уюштурулуучу окутуп - кеңеш берүү пункттарында мобилдүү окуу модулдарын жана окутуучуларды тартуу менен жүргүзүлсүн.

Мындан сырткары жетекчилер жалпыга маалымдоо каражаттарынын элементтеринин мүмкүнчүлүктөрүн пайдалансын. Калктын бул категориясын окутуунун маанилүү фактору болуп табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдар тематикасы боюнча нускамалар менен өз алдынча таанышуу, радио берүүлөрдү угуу жана телепрограммаларды көрүү болушу керек.



Сканировано с CamScanner

Иштебеген калкты машыгууларга жана машыктырууларга тартуу керек, андагы негизги көңүл ар түрдүү мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардагы практикалык аракеттерди иштеп чыгууга бурулушу керек.

Жогорку окуу жайлардын (мындан ары-ЖОЖ) студенттерин, жалпы билим берүү мектептердин, орто кесиптик техникалык жана орто атайын кесиптик окуу жайлардын, техникалык лицейлердин, колледждердин ж.б. окуучуларын окутуу турмуш тиричилик коопсуздугунун негиздери боюнча предметтин программалары боюнча ишке ашырылсын, анда кырсыктардан, өрттөрдөн, бүлгүндөрдөн, күтүлбөгөн кырсыктардан жана террористик акттардан коргонуу боюнча аракеттерге даярдоого өзгөчө көңүл бурулсун.

Комплекстүү машыгуулар жана объектилик машыктыруулар кызматкерлерди бардык категорияларын даярдоонун негизги формасы болуп эсептелсин.

Комплекстүү машыгуулар **3 жылда 1 жолу** өткөрүлсүн:

- бардык категорияланган объекттерде;
- 100 жана андан көп жумушчу иштеген объекттеринде;
- категорияланбаган объекттерде саны 100 жана андан көп жумушчулар эмгектенген жана сыйымдуулугу 300 жана андан көп койкалуу профилактикалык-дарылоо мекемелеринде;
- бир кыйла - кооптуу (коркунучтуу) объекттерде.

Калган объекттерде (саны 50 ашык адамдан турган), анын ичинде окуу жайларда дагы, жалпы билим берүү мектептерди жана техникалык лицейлерди кошпогондо, **үч жылда 1 жолу** объектилик машыктыруулар өткөрүлсүн.

ЖОЖда, жалпы билим берүүчү мектептерде, техникалык лицейлерде объектилик машыгуулар жыл сайын, "ЖК күнү" жана "Өзгөчө кырдаалдардын тобокелин азайтуу күнү" өткөрүлсүн.

Райондордун ЖК башчылары объекттерде комплекстүү машыгууларды, объектилик машыктырууларды даярдоону жана өткөрүүнү уюштурсун, аларды даярдоо жана өткөрүүнүн жүрүшүнө көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашырсын, күтүлбөгөн жерден текшерүүлөрдү жүргүзүүнү колдонсун (2-3 объектти), практикалык жардамдарды көрсөтсүн.

Машыгууга жана машыктырууга тартылган адамдарды даярдоого өзгөчө көңүл бурулсун, комплекстүү машыгууларды өткөрүүчү ЖК башчылары жана ЖК штаб башчылары менен ошол машыгууну даярдоо жана өткөрүү маселелерин практикалык жактан иштеп чыгуу үчүн **2 күндүк** чогултуулар уюштурулсун.

Муниципалдык аймактык комплекстүү машыгуулар райондук командалык-штабдык машыгуулардын жүрүшүндө же өз алдынча **3 жылда 1** жолу өткөрүлсүн.

Объекттердеги штабдык машыктыруулар уюмдун ЖК башчысынын планы боюнча жарым жылда **1 жолу** өткөрүлсүн. Штабдык машыгуулар ЖК башчысынын (ЖК кызматынын башчысынын) планы боюнча жылына **2 жолу,** ар бир окуу мезгилинин башында өткөрүлсүн.

ЖК боюнча окутулууга тийиш болгон кызмат адамдарынын бардык категориясын даярдоо, КР ЖК башчысы тарабынан бекитилген Толуктоо планына жана КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-июнундагы №315 "Жарандык коргонуунун башкаруу органдарын жана күчтөрүн даярдоо бирдиктүү тутуму жана Жарандык коргоо жаатында калкты маалымдоо жөнүндөгү" токтомуна ылайык, КР ӨКМдин алдындагы жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борборунда ишке ашырылсын.

ЖК штабдарынын бардык деңгээлдеги башчылары окуучулардын категориялары жана окуу мөөнөтү боюнча толуктоо Планынын толук жана өз убагында аткарылуусуна дайыма көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашырышсын.

Ленин районун ЖК түзүмдөрүнүн жетекчилик курамын даярдоо жана 2021-окуу жылында калкты ЖК боюнча окутуу усулдук-уюштруу көрсөтмөлөрүн иштеп чыгышсын. Объектер үчүн жаңы окуу жылына буйруктарды чыгаруунун мөөнөтүн аныктасын, мерчемделген



Сканировано с CamScanner

документтерди иштеп чыгууну уюштурсун жана көзөмөлдөөнү ишке ашырсын, ЖК боюнча окуу жылынын башталышын уюштрууда объектердин жетекчилерине практикалык жардам берсин.

Жылына **3-4** объектиден кем эмес түзүм бөлүмдөрүндөгү ЖК боюнча окутуунун жүрүшүн жана сапатын көзөмөлдөсүн. Уюмдарда жетекчилик курамдын, ЖК түзүмдөрдүн объектердеги жумушчулардын, кызматчылардын жаңы окуу жылына даярдык Планын иштеп чыксын. Жетекчилик курамдын кеңешмелеринде 2021-жылдагы жыйынтыгын чыгарышсын жана 2022-окуужылына тапшырмаларды коюшсун.

Райондук ЖК кызматтарынын башчылары – 2021-жылга ЖК боюнча окутуунун жыйынтыгы, жаңы 2022-окуу жылына коюлуучу милдеттер тууралуу ЖК башчысынын буйругун чыгарышсын жана аны карамагындагы түзүмдүк бөлүктөргө жеткиришсин.

Райондук ЖК кызматтарынын мекемелерге караштуу объекттери КР ӨКМдин аймактык башкармалыктары менен биргеликте комплекстүү машыгуулардын жана объектилик машыктыруулардын графиктерин иштеп чыксын. Аларды даярдоо жана өткөрүүнүн сапатына көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашырсын, аларга практикалык жардамдарды көрсөтсүн.

Мекемелерге караштуу объекттердин ЖК жетекчилик курамы менен усулдук-окуу чогулуулардын жүрүшүндө, бардык категориядагы ЖК боюнча даярдыктардын абалы ар тараптуу талдансын, окутуунун сапатын жогорулатуунун жолдору белгиленсин. Зарыл болгон учурда алардын даярдыгын жогорулатуу жагы КР ӨКМнин алдындагы ЖК адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору тарабынан каралсын. Заманбап талапка жооп бериши керек болгон жана сабактарды сапаттуу өткөрүүнү камсыз кылуучу ЖК окуу материалдык базасын жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча иштер улантылсын.

Ленин районун ЧО ЖК жетекчилик курамынын, кошуундарынын 2021-окуу жылындагы даярдоонун жыйынтыгынын баяндамасын Ленин райондук ӨК бөлүмүнүн 2021-жылдын 22-ноябрь айына карата тапшырышсын.



Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | **Ленин районунун башчысы - Жарандык коргоонун башчысы** | **1.** Ленин районунун ЖК комиссиясы менен отурумун өткөрүү:<br>-Ленин райондук ЖКнун башкаруу органдарынын, Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутумунун күч жана каражаттарынын өзгөчө кырдаалдарга аракеттенүү даярдыгы;<br>-2021-жылдын жыйынтыгын чыгаруу жана 2022-жылга тапшырма коюу. | Ленин райондук ЖК боюнча комиссиясынын, Ленин райондук ЖК кызматтары. | Жылына эки жолу<br><br>2021-жылы, декабрь айы. |
| | | **2.** Ленин районун эвакуациялык комиссиясынын отурумун өткөрүү:<br>-2021-жылга тапшырмаларды коюу;<br>-2021-жылдын жыйынтыгын чыгаруу жана 2022-жылга тапшырма коюу. | Ленин районун эвакуациялык комиссиясы. | 2021-жылы Февраль айы.<br><br>2021-жылы Декабрь айы. |
| | | **3.** 2021-2022-жылдардын күзгү-кышкы жана жазгы жайкы мезгилине даярдык көрүү:<br>-ЖК башчынын мезгилдик өзгөчө кырдаалдарга даярдыгы боюнча чечимдерди даярдоо. | Ленин районун ЖК комиссиясы, ЖК кызматтарынын башчылары. | Күз-кыш, жаз-жай мезгилинде. |
| | | **4. Ленин районун ЖК башкаруу органдары менен *Штабдык окуу.***<br>**Темасы:** *«ӨК коркунучунда жана пайда болгон учурунда Жарандык коргонуунун башкаруу органдарынын иш-аракеттери».* | Ленин районун ЖКнун жетекчилери жана команда-башкаруучу курамы, райондун ЖКК жана ЭК, райондук ЖК кызматтарынын жана түзүмдөрүнүн башкаруучу курамы. | 2021-ж. 25-26.03. |
| | | **-Ленин районун ЖКнун башкаруу органдары менен Команда-штабдык машыгуунун темасы:** *"ӨК коркунучунда жана пайда болгон учурунда ЖК күчтөрүнүн жана башкаруу органдарынын иш аракеттери".* | Ленин районун ЖКнун жетекчилери жана команда-башкаруучу курамы, райондук ӨК бөлүмү, райондун ЖКК жана ЭК, райондук ЖК кызматтары жана түзүмдөрү, тиешелүү чарба объектилер, Бишкек ш. лабораторлук көзөмөлдө байко тармагы (СНЛК). | 2021-ж. 11-12.08. |
| | | **-Ленин райондук ЖК кошмо командасы менен атайын тактикалык машыгуу өткөрүү:**<br>Темасы: "Ленин райондук ЖК кошмо командасынын *уулуу заттын төгүлгөн учурундагы чарба объектисиндеги иш аракети".* | ЖК кызматтары жана түзүмдөр, тиешелүү чарба объектилер, райондук ӨК бөлүмү. | 2021- ж.12.08. |



Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **5. Ленин районун ЖК кызматтарынын абалын балоо:**<br>Ленин районун муниципалдык администрациясынын социалдык бөлүмү – **ЖКнун социалдык коргоо кызматы;** | Ленин районунун ЖК жетекчилик курамы, районунун ЖК кызматтарынын жана түзүмдөрүнүн башкаруучу курамы. | 2021-ж. 13-14.04. |
| | | - КР Улуттук илимдер академиясы – **ЖКнун радиациялык – химиялык чалгындоо тобу;** | | 2021-ж. 19-20.08. |
| | | -Ленин районун муниципалдык администрациясынын экономика жана каржы бөлүмү – **Материалдык баалуулуктарды топтоо, сактоо жана берүү кызматы;** | | 2021-ж. 15-16.03. |
| | | -Ленин районун ИИБ – **ЖКнун коомдук тартипти сактоо кызматы.** | | 2021-ж. 19-20.04. |
| | | -“Ала-Арча” СБ;<br>- “Азия-Молл” СОЗБ;<br>- “Весна” СБ;<br>- “Ай-Молл”СОЗБ;<br>- “Беш-Сары” СБ;<br>- “Берекет” СБ;<br>- БҮМБ (ОЦСМ);<br>- №2 стомотология поликлиникасы;<br>- ААК “Арпа”. | Чарба объектинин ЖКнун жетекчилик курамы. | 26.02.2021 г.<br>12.03.2021 г.<br>22.03.2021 г.<br>13.04.2021 г.<br>26.04.2021 г.<br>19.02.2021 г.<br>05.02.2021 г.<br>30.04.2021 г.<br>14.05.2021 г. |
| | | 6. Окутуу жана даярдоо:<br>- ЖКнын жетекчилик жана командалык-башчылык курамын окутууну уюштуруу. | Ленин районун ЖК жетекчилик курамы, Бишкек, Ош шаарларынын жана облустардын ЖК башчылары. | Комплектөө Планына ылайык |
| | | **7. Алдын алуу иш-чаралары:**<br>- Калкты жана аймактарды коргоо боюнча авариялык кайра калыбына келтирүү жана башка алдын алуу, профилактикалык, эскертүү иштерин уюштуруу.<br>- Ленин районун ЖК башчысынын мезгилдүү өзгөчө кырдаалдарга байланыштуу чечимдерин даярдоо;<br>- Атайын привентивдүү жана кеспетерди жоюу иш-чараларын жүргүзүү (2020-жыл 13-ноябры, №555 КР Өкмөтүнүн токтому); | Ленин райондун ЖК жетекчилик курамы, райондук ЖКК жана ЭК төрагасы, райондук МАБтар, райондук ЖК кызматтары, № 82 орто мектеби, мекемелер жана иш-каналар. | Жыл ичинде. |



Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | - Ала-Арча дарыясындагы муз массаларынын тыгындарын (борпоң муз, шуга) тазалоо боюнча иш-чараларды даярдоо жана жүргүзүү;<br>- Ала-Арча дарыясынын нугунда привентивдүү иш-чараларды жүргүзүү (жээктерин бекемдоо, механикалык тазалоо ж.б.). | | |
| | | - Жайкы жана кышкы өрт коркунучу бар мезгилдерге карата өрттүн алдын алуу иш-чараларын даярдоо жана жүзөгө ашыруу. | Ленин районун ЖК жетекчилик курамы, райондук МАБтар жана № 93 орто мектеби. | Жыл ичинде. |
| | | - Ачык, жабык суу сактагычтарды, бассейндерди ж.б.у.с. инвентаризациялоо боюнча иштерди жүргүзүү | Ленин районун ЖК жетекчилик курамы, ӨК бөлүмү, райондук МАБтар. | Жыл ичинде. |
| | | **8. Атайын иш-чаралар:**<br>- Ленин районун аймагындагы санитардык-эпидемиологиялык абалга карата профилактикалык иш-чараларды уюштуру.<br>- Белгилүү бир аймактагы учурдагы кырдаалга ылайык калкка шашылыш медициналык консультациялык жана алгачкы медициналык жардам көрсөтүү (Ленин районун күндүзгү жана түнкү стационарларда орундарды даярдоо). | ЖК райондук жетекчилик курамы, райондук ЖКК, ЭК, ЖК кызматтары, райондук<br>ӨК бөлүмү , райондук МАБтар, райондук билим берүү борбору. | Жыл ичинде |
| | | 9.Ленин районун Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутумунун башкаруу органдары тарабынан өткөрүлүүчү 2022-жылга Жарандык коргонуу иш-чараларын пландоо. | Ленин районун ЖК жетекчилик курамы жана райондук ЖКК, ЭК, ЖК кызматтары жана түзүмдорү, райондук ӨК бөлүмү. | 2021-ж. Декабрь. |
| | | **2. Ленин райондук ӨК бөлүмүнүн башчысы тарабынан өткөрүлүүчү иш-чаралар** | | |
| **2.** | **Ленин районун Жарандык коргонуунун башчысынын орун басары – Ленин райондук өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн** | 1. Алдын алуу жана кесепеттердин болушу мүмкүн болгон суу ташкындарын, сел агымдарын коопсуз өткөрүү, кыртыш сууларынын деңгээлин төмөндөтүү жана жер көчкү процесстеринин активдүүсүн көзөмөлгө алуу жана иш-чараларды уюштуруу. | Ленин райондук ӨКБ, райондук ЖК комиссия жана МАБтар | 2021-ж. ичинде |
| | | **2.Ыкчам даярдык боюнча:**<br>**-Ленин районун ЖК башкаруу органдары менен *Штабдык окуу.***<br>**Темасы:** ***«ӨК коркунучунда жана пайда болгон*** | Ленин районун ЖКнун жетекчилери жана команда-башкаруучу курамы, райондук ӨК бөлүмү, райондун ЖКК жана ЭК, райондук ЖК | 2021-ж. 25-26.03. |



Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **башчысы** | *учурунда Жарандык коргонуунун башкаруу органдарынын иш-аракеттери».* | кызматтарынын жана түзүмдөрүнүн башкаруучу курамы, тиешелүү чарба объектилердин ЖК жетекчилик курамы. | |
| | | **-Ленин районун ЖКнун башкаруу органдары менен Команда-штабдык машыгуунун темасы:** *"ӨК коркунучунда жана пайда болгон учурунда ЖК күчтөрүнүн жана башкаруу органдарынын иш аракеттери".* | Ленин районун ЖКнун жетекчилери жана команда-башкаруучу курамы, ӨК бөлүмү, ЖКК жана ЭК, ЖК кызматтары жана түзүмдөрү, тиешелүү чарба объектилер, Бишкек ш. лабораторрдук көзөмөлдө байкоо тармагы (СНЛК). | 2021-ж.11-12.08. |
| | | **-Ленин райондук ЖК кошмо командасы менен атайын тактикалык машыгуу өткөрүү:** Темасы: " Ленин райондук ЖК кошмо командасынын *уулуу заттын төгүлгөн учурундагы чарба объектисиндеги иш аракети".* | ЖК кызматтары жана түзүмдөр, тиешелүү чарба объектилер, райондук ӨК бөлүмү. | 2021- ж.12.08. |
| | | 3. ЖК башчысынын группасында 15 - сааттык программадагы окутууларды уюштуруу, жүргүзүү. | Ленин районунун ЖК башчысы, райондук ЖК кызматтары жана түзүмдөрү, райондун МАБтары жана №93 мектеби | Өзүнчө план боюнча |
| | | 4. Райондун аймагында Өзгөчө кырдаалдар пайда болгон учурда, негизги материалдык ресурстарды камсыз кылуу жана көзөмөлгө алуу боюнча иш-чаралар. | Ленин районун ЖКнун башчысы, райондук ӨК бөлүмү, ЖК боюнча комиссиясынын жана көчүрүү комиссиясынын башчылары. | Жылдын ичинде |
| | | 5. ӨКМнин райондук бөлүмүнүн башчысынын тобундагы 60 - сааттык программа боюнча окутууну уюштуруу жана жүргүзүү. | райондук ӨК бөлүмү, ЖК кызматтарынын, МАБдын жана ЖК чарба обектилеринин штаб башчылары | Өзүнчө план боюнча |
| | | 6. Чарба объектерине ЖК боюнча окуу жылын уюштурууга жардам берүү. | райондук ӨК бөлүмү , ЖКК, ЭК мүчөлөрү жана төрагалары | Жыл ичинде |
| | | 7. Коргоочу курулмаларды кабыл алууга даярдыгын текшерүү | Чарба объектинин ЖК штаб башчылары | Өзүнчө план боюнча |
| **3 Ленин районун аймагында № 82 жалпы орто билим берүү орто мектеби деңгээлиндеги өткөрүлүүчү Жарандык коргонуу иш-чаралар** | | | | |
| | **№ 82 орто мектеби башчысы-ЖК** | **1.** Ленин районунун № 82 жалпы орто билим берүү орто мектебинин комиссиясы менен отурумун | Ленин райондук №82 жалпы орто билим берүү орто мектеби боюнча | 2021-ж. 15.12. |



Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **3.** | **башчысы жана штаб башчысы.** | өткөрүү:<br>-2021-жылдын жыйынтыгын чыгаруу жана 2022-жылга тапшырма коюу. | комиссиясы, түзүмдөрүнүн команда-башкаруучу жана өздүк курамы. | чейин |
| | | **2.** Ленин районун № 82 жалпы орто билим берүү орто мектебинин эвакуациялык комиссиясынын отурумун өткөрүү:<br>-2021-жылга тапшырмаларды коюу;<br>-2021-жылдын жыйынтыгын чыгаруу жана 2022-жылга тапшырма коюу. | Ленин райондук № 82 жалпы орто орто мектеби боюнча комиссиясы. | 2021-жылы Февраль айы.<br>2021-жылы Декабрь айы. |
| | | 3. Ыкчам даярдык боюнча:<br>Ленин районунун №82 жалпы орто билим берүү орто мектебинин Жарандык коргонуу броюнча өткөрүлүүчү иш-чаралар | Ленин райондук ӨК бөлүмү, райондун № 82 мектеп ЖК боюнча комиссиясы, түзүмдөрүнүн команда-башкаруучу жана өздүк курамы. | Өзүнчө план-график боюнча |
| | | 4.№ 82 орто мектебинин ЖК боюнча түзүмдөрүн окутуу жана даярдоо | Түзүмдөрүнүн команда-башкаруучу курамы | Дайыма |
| | | 5. Алдын алуу иш-чаралары:<br>(профилактикалык, привентивдүү, коргоо) | Ленин районунун аймагында жайгашкан ЖК башчысы, кызматкерлери жана жумушчулары | Жыл ичинде |
| | | 6. ЖК боюнча окуу-материалдык базасын түзүү жана өркүндөтүү. | | |
| | | 7. Жарандык коргонуу боюнча 2021-жылы өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгын чыгаруу жана 2022-жылка карата тапшырмаларды берүү. | Ленин райондук ӨК бөлүмү, райондун №82 мектеп ЖК боюнча комиссиясы, түзүмдөрүнүн команда-башкаруучу жана өздүк курамы. | 2021-жылы Декабрь айы. |

**№82 жалпы орто билим берүү мектебинин тарбия иштери боюнча директордун орун басары:**

**__________ Турдукулова З.Т.**



Сканировано с CamScanner